КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
ТАЛАС ОБЛУСУ
ТАЛАС РАЙОНУ
КЕҢ-КОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН
АЙЫЛ КЕҢЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ
ТАЛАССКИЙ РАЙОН
АЙЫЛ КЕНЕШ КЕН-КОЛСКОГО
АЙЫЛНОГО АЙМАКА

# ТОКТОМ

**2026-жылдын 28–июлундагы № 31** **Көк-Ой айылы**

**Кең-Кол айылдык кеңешинин 2019-жылдын 2-ноябрындагы №21 токтому күчүн жоготту деп таануу (жокко чыгаруу) жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» №123 Мыйзамынын 39-беренесинин 5-пунктуна ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 23.10.2017-жылындагы "Кыргыз Республикасынын 2020-жылы эл жана турак жай фондун каттоого даярдык көрүү жана өткөрүү жөнүндө" №690 токтомунун 10-пунктуна, 2017-жылдын 1-сентябрынан 2020-жылдын 31-декабрына чейинки мезгилде калктуу пункттардын жана көчөлөрдүн аталыштарын алмаштырууну токтотулгандыгына байланыштуу, Кең-Кол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XIV сессиясы **токтом кылат:**

1.Көк-Ой айылдык кеңешинин 2019-жылдын 2-ноябрындагы Кең-Кол көчөсүнүн атын, Сатылган Датканын ысымына ыйгаруу жөнүндөгү № 21 токтому Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-октябрындагы №690 токтомунун талаптарына карама-каршы келгендиктен кабыл алынган күнүнөн тартып күчүн жоготту деп таанылсын (жокко чыгарылсын).

2.Токтомдун көчүрмөсү Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинин Талас облустук юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

3.Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жана тиешелүү мамлекеттик органдарга билдирүү жагы айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Сакеевге милдеттендирилсин.

**Төрага** **М.К. Ашыралиев**

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**ТАЛАС РАЙОНУ**
**КЕҢ-КОЛ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛ КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ТАЛАССКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛ КЕНЕШ КЕН-КОЛСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

# Т О К Т О М

**2026-жылдын 29-июлунун № 32** **Көк-Ой айылы**

## Кең-Кол айыл аймагына караштуу Көк-Ой айылындагы Ленин көчөсүнө Сатылган Датканын атын коюу жөнүндө

Кыргыз Республикасынын «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө» №123 Мыйзамынын 34-беренесине, Кыргыз Республикасынын “Географиялык аталыштар жөнүндө” Мыйзамынын 7-беренесине ылайык жана Кең-Кол айыл аймагына караштуу Көк-Ой айылынын Сатылган жамаатынын, жергиликтүү тургундарынын кайрылуусун угуп, талкуулап, 2026-жылдын 19-июнунун Көк-Ой айылынын элдик жыйынынын №1 протоколунун негизинде Кең-Кол айыл аймагынын айылдык Кеңешинин I чакырылышынын кезектеги XIV сессиясы **токтом кылат:**

1.Кең-Кол айыл аймагына караштуу Көк-Ой айылындагы эски аталышы Ленин көчөсүнүн аты, мындан ары Сатылган Датка атындагы көчө деген аталыш ыйгарылсын.

2.Даректерди алмаштыруу, мамлекеттик каттоо кызматына жана тиешелүү органдарга даректердин базасына өзгөртүү киргизүү Кең-Кол айыл өкмөтүнүн башчысы Т.Б.Сакеевге милдеттендирилсин.

3.Токтом расмий жарыялансын жана Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн Талас облустук Юстиция башкармалыгына жөнөтүлсүн.

**Төрага** **М.К. Ашыралиев**